КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ОШ ОБЛУСУ
АРАВАН РАЙОНУ

ДӨБӨ-КОРГОН
АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ
АРАВАНСКИЙ РАЙОН

АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
ДОБО-КОРГОНСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

---

**Дөбө-Коргон айылдык Кеңешинин 2- чакырылышынын кезектеги 15-сессиясынын**

## ТОКТОМУ

**22.01. 2026 № 15-1 Кайрагач-Арык айылы**

**Дөбө-Коргон айыл өкмөтүнүн 2025-жылга бекитилген бюджетинин аткарылышы жөнүндө**

Дөбө-Коргон айыл өкмөтүнүн 2025-жылдагы бекитилген бюджетинин аткарылышы боюнча айыл өкмөтүнүн ФЭБ башчысы Т.Акуловдин отчетун угуп жана талкуулап чыгып, сессияга катышкан депутаттардын сунуш-пикирлерин эске алуу менен Дөбө-Коргон айылдык кеңеши, **токтом кылат**:

1.Дөбө-Коргон айыл өкмөтүнүн 2025-жылга бекитилген жергиликтүү бюджетинин аткарылышы жөнүндө айыл өкмөтүнүн ФЭБ башчысы Т.Акуловдун отчету канааттандырылсын.

2.Айыл өкмөтүнүн бюджетинин киреше бөлүгүнү толуктап, чыгаша бөлүгүндө көрсөтүлгөн чыгымдардан максаттуу пайдаланып, керексиз чыгымдарды кыскартууну камсыз кылуу айыл өкмөтүнө милдеттендирилсин.

3. Айыл өкмөтүнүн ФЭБ башчысы Т.Акуловго 6 ай ичинде аткарылган иштери боюнча толук маалымат берилсин.

4.Өндүрүлбай калган салыктарды МФЖ, айыл чарба жерлеринен ижарага акыларды толугу менен өндүрүп, кошумча киреше булактарын таап, бюджетти жогулатуу жагы айыл өкмөтүнүн ФЭБ башчысы Т.Акуловге жүктөлсүн.

5.Дөбө-Коргон айыл өкмөтүнө бекитилген жылдык жергиликтүү бюджетинин каражаттарынын киреше жана чыгаша бөлүктөрүнө өзгөртүүлөрү пайда болгон учурда айылдык кеңештин бюджет маселери боюнча туруктуу комиссиясына кайрылуу жагы белгиленсин.

6.Токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы айылдык кеңештин бюджет маселери боюнча туруктуу комиссиясына жана айыл өкмөтүнүн ФЭБ башчысы Т.Акуловго жүктөлсүн.

**Төрага А.Сатвалдиев**

| | |
|---|---|
| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ОШ ОБЛУСУ<br>АРАВАН РАЙОНУ<br><br>ДӨБӨ-КОРГОН<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>АРАВАНСКИЙ РАЙОН<br><br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>ДОБО-КОРГОНСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |

**Дөбө-Коргон айылдык Кеңешинин 2- чакырылышынын кезектеги 15-сессиясынын**

**ТОКТОМУ**

**22.01. 2026 № 15-2 Кайрагач-Арык айылы**

**“Дөбө-Коргон Тазалык” муниципалдык ишканасынын жетекчиси М.Касимовдун калкты таза суу менен камсыздоодо таза сууга белгиленген кызмат акысын белгилөө боюнча билдирүүсүн кароо жөнүндө**

Дөбө-Коргон айыл өкмөтүнө караштуу “Дөбө-Коргон Тазалык” муниципалдык ишканасы 2023-жылдын 21-январь айындагы Кыргыз Республикасынын Экономика жана коммерция министрлигине караштуу Монополияга каршы жөнгө салуу кызматынын Ош облустук бөлүмү тарабынан макулдашылган таза сууга акы алып кызмат көрсөтүүнүн прейскуранты жана кызмат акы тарифи боюнча ишкананын жетекчиси М.Касимовдун билдирүүсүн угуп, депутаттардын сунуш пикирлерин эске алып, Дөбө-Коргон айылдык кеңеши, **токтом кылат:**

1. Дөбө-Коргон айыл аймагынын калкын 2026-жылдар ичинде (жаңы конуштарды кошуп) 100 пайыз таза ичимдик суусу менен камсыздоо боюнча толук иш алып баруусу “Дөбө-Коргон Тазалык” муниципалдык ишканасынын жетекчиси М.Касимовго тапшырылсын.

2. “Дөбө-Коргон Тазалык” муниципалдык ишканасынын калкты таза ичимдик суусу менен камсыздоодо кызмат акысы төмөндөгүдөй болуп белгиленсин.

- Үйүнүн ичинде ичүүчү суу түтүкчөсү бар бир кожолуктарга -250 (эки жүз элүү) сомдон.
- Көчөдөн ташып ичкен бир кожолуктарга -150 (жүз элүү) сомдон.
- айыл аймагынын айлана чөйрөсүн, тазалыгын сактоодо, таштандыларды ташып чыгарууда техникаларын жетишсиздиги үчүн 1 кап таштандыга -40 (кырк)сомдон;

3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө айылдык кеңешинин экономика, бюджет, каржы маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жана ишкананын жетекчиси М.Касимовго жүктөлсүн.

**Төрага А.Сатвалдиев**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**АРАВАН РАЙОНУ**

**ДӨБӨ-КОРГОН**
**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АРАВАНСКИЙ РАЙОН**

**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**ДОБО-КОРГОНСКОГО**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

---

**Дөбө-Коргон айылдык Кеңешинин 2- чакырылышынын кезектеги 15-сессиясынын**

## ТОКТОМУ

**22.01. 2026 № 15-3** **Кайрагач-Арык айылы**

**Дөбө-Коргон айыл өкмөтүнүн 2026-жылга бюджетин киреше жана чыгаша бөлүгүн бекитүү жөнүндө**

Дөбө-Коргон айыл өкмөтүнүн 2026-жылга бюджетин киреше жана чыгаша бөлүгүн бекитүү жөнүндө айыл өкмөтүнүн ФЭБ башчысы Т.Акуловдун билдирүүсүн угуп жана талкуулап айылдык кеңешинин экономика, бюджет, каржы маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын айыл өкмөтүнүн бюджеттинин киреше жана чыгаша бөлүктөрү боюнча корутундусунун негизинде айылдык кеңешинин депутаттарынын сунуш-пикирлерин эске алуу менен Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» мыйзамынын 31-беренесинин 2-пунктун жана 47-беренесинин 2-пунктун жетекчиликке алып, Дөбө-Коргон айылдык кеңеши, **токтом кылат:**

1. Дөбө-Коргон айыл өкмөтүнүн 2026-жылга бюджетин бекитүү жөнүндө айыл өкмөтүнүн ФЭБ башчысы Т.Акуловдун маалыматы эске алынсын.
2. Дөбө-Коргон айыл өкмөтүнүн 2026-2027-2028-жылдарга айыл өкмөтүнүн негизги параметрлеринин болжолу жактырылсын. 2026-2027-2028-жылдарга Республикалык бюджетинен берилуучу тендөөчү гранттынын болжолу 2026-жылга -20327,0миң сом жана 2027-жылга -20327,0 сом жана 2028-жылга 20327,0 миң сомго белгиленсин жана ар бир бюджеттик жылда тактоого алынсын.
3. Дөбө-Коргон айыл өкмөтүнүн 2026-жылга карата бюджетинин жалпы көлөмү кирешелер, чыгашалар 67781,5миң (алтмыш жетти миллион жети жүз сексен бир миң беш жүз) сом менен бекитилсин. Анын бардыгы жергиликтүү бюджет экендиги белгиленсин. Айыл өкмөтүнүн 2026-жылдагы бюджетинин киреше булактары жана чыгашаны каржылоого каражаттар №1 тиркемеге ылайык белгиленсин.
4. Чыгымдарды каржылоо боюнча биринчи кезекте коргоого алынган беренелер боюнча (эмгек акы, социалдык фондуна чегерүүлөр, тамактануу жана жеңилдиктер) ошондой эле коммуналдык чыгымдарга каржылансын. Чыгашалардын корголгон беренелери штаттык сандагы бош орундарга жана нормативдик актылардын кабыл алынышына байланыштуу азайтылышы мүмкүн. Чыгашалардын корголгон беренелерин штаттык сандагы бош орундарга жана нормативдик актылардын кабыл алышына байланыштуу азайтылышы мүмкүн. Чыгашалардын корголгон беренелерин каржылоо үчүн жоопкерчилик айыл өкмөтүнүн Финансы-экономика бөлүмүнө жүктөлсүн.

5. Дөбө-Коргон айылдык кеңшинин атайын каражаттарынын, казналык системасынан тышкары пайдалануусуна тыюу салынсын. Айыл өкмөтүнүн атайын эсебине (спец. счет) айыл өкмөтүнүн муниципалдык балдар бакчаларын жетекчилеринин протоколу негизинде тарбиялануучу балдардын ата-энелеринин бюджетинен бир балага тамак-аш үчүн ай сайын орточо 1155 (бир миң бир жүз элүү беш)сом белгиленсин.

6. Дөбө-Коргон айылдык кеңшине караштуу болгон жайыт жерлерин пайдалангандыгы үчүн жайыт комитеттери менен «келишим» түзүлсүн жана жайыт жерлеринен пайдалангандыгы үчүн төлөмдөр жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүнүн №14152200 «Жайыт жерлеринен пайдалангандыгы үчүн төлөмдөр» беренесине толугу менен чегерилсин.

7.Жайыт жерлеринин пайдалангандыгы үчүн төлөмдөрдүн 3/2 бөлүгү жайыт комитеттеринин чыгашаларына, калган бир бөлүгү айыл өкмөттүн социалдык маселелерини чечуу үчүн жумшалсын, же болбосо жайыт маселелерин чечуу үчүн жайыт комитетинин эсебине которуп берилсин.

8. Дөбө-Коргон айыл өкмөтүнүн администрациясы төмөнкүлөргө милдеттүү;

эгерде бул айылдык бюджеттин киреше бөлүгүн азайтууга алып келбесе ушул токтомдун 1-беренесинде бекитилген суммалардын чектеринде ушул токтомдун тиркемесине өзгөртүү киргизүүгө;

кирешелердин болжолдонгондон ашыкча түшүүлөрүн эсебинен айылдык бюджеттин чыгаша бөлүгүн көбөйтүүнү карап чыгууга;

киргизилген өзгөртүүлөр Дөбө-Коргон айылдык кеңеши тарабынан каралып, токтом кабыл алат.

9. Айылдык бюджетке чегерүүлөр кирешелерден алынуучу салык (подоход налог) боюнча 100%, жер казынасынан пайдалануу укугун берүү үчүн жыйын 7% жана роялти 50% өлчөмүндө жергиликтүү бюджетке чегерилсин. Патенттерден түшүүчү киреше, МФЖ нин ижара акысы, кыймылсыз мүлк салыгы толугу менен 100% өлчөмүндө жергиликтүү бюджетке чегерилсин.

10. Дөбө-Коргон айылдык кеңешине караштуу Лангар,Интерноциональ, Жаңы-Абад, Жаңы-Жол, Кесов, Чертик, Арап, Тепе -Корган ,Уйгур- Абад, Какир-Пилтан, Кайрагач- Арык айылдарына бардыгы болуп 11 айыл башчы штатык жана келишим негизинде 8 штат белгиленсин.

11. Токтомдун аткарылышын камсыз кылуу айыл өкмөтүнүн башкы бухгалтери Т.Акуловгө, ал эми аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы айылдык кеңештин каржы, экономика жана бюджет маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **А.Сатвалдиев**

Дөбө-Коргон айылдык
кеңешинин
2-чакырылышынын кезектеги
15-сессиясынын
№ 15-3токтомуна
№ 1- тиркеме

**№ 1 тиркеме**

Дөбө-Коргон айыл өкмөтүнүн 2026-2027-2028-жылдарга кирешелердин планы:

**КИРЕШЕЛЕР:**

| | **Кирешенин аталышы** | **2026-ж** | **2027-ж** | **2028-ж** |
|---|---|---|---|---|
| 11111100 | Киреше салыгы (подоход налог) | 22308,8 | 25856,0 | 29734 |
| 11122200 | Ыктыярдуу патент | 1490,0 | 1490 | 1490 |
| 11311100 | Кыймылсыз мүлк салыгы | 150,0 | 15, | 150,0 |
| 11311200 | Кыймылсыз мүлк салыгы | 324,8 | 324,8 | 324,8 |
| 11312200 | Транспорт салыгы | 0 | 0 | 0 |
| 11321100 | Физикалык тараптардын жер салыгы | 701,8 | 701,8 | 701,8 |
| 11321300 | Айыл чарбасы эмес жерлердин жер салыгы | 1440,0 | 1440,0 | 1440,0 |
| 11462440 | Роялти | 15,0 | 15,0 | 15,0 |
| 14152100 | Муниципалдык мүлктөрдүн арендасы | 300,0 | 300,0 | 300,0 |
| 14152100 | Муниципалдык мүлктөрдүн арендасы | 136,0 | 136,0 | 136,0 |
| 14152200 | Жайыт жерлерди пайдалануучу жыйым | 445,0 | 445,0 | 445,0 |
| 14152600 | ФПС жерлеринин аренда акысы | 3247,0 | 3247,0 | 3247,0 |
| 14211200 | Муниципальдык мулк арендасы | 20,0 | 20,0 | 20,0 |
| 14224200 | Таштандыларды ташуу төлөмү | 653,0 | 653,0 | 653,0 |
| 14511400 | Жергиликтүү маанидеги инфраструк. өнкүктүрүү | 28,1 | 28,1 | 28,1 |
| 14232400 | Атайын каражаттар | 16070,0 | 16070,0 | 16070,0 |
| | Тендештирүүчү грант | 20327,0 | 20327,02 | 20327,0 |
| | **Бардыгы:** | **67781,5** | **71328,7** | **75206,7** |

**ЧЫГАШАЛАР:**

| **Чыгашалардын аталышы** | **2026-ж** | **2027-ж** | **2028-ж** |
|---|---|---|---|
| Аппарат | 26359,1 | 26359,1 | 26359,1 |
| Айыл чарбасы | 3305,0 | 3305,0 | 3305,0 |
| ЖКХ | 23160,9 | 23160,9 | 23160,9 |
| Жайыт | 445,0 | 445,0 | 445,0 |
| Маданият | 3428,8 | 3428,8 | 3428,8 |
| Билим беруу | 9082,7 | 9082,7 | 9082,7 |
| Социалдык жардам | 2000,0 | 2000,0 | 2000,0 |
| **Бардыгы:** | **67781,5** | **71328,7** | **75206,7** |

**Төрага** **А.Сатвалдиев**

| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**<br>**ОШ ОБЛУСУ**<br>**АРАВАН РАЙОНУ**<br><br>**ДӨБӨ-КОРГОН**<br>**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**<br>**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**<br>**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**<br>**АРАВАНСКИЙ РАЙОН**<br><br>**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**<br>**ДОБО-КОРГОНСКОГО**<br>**АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

**Дөбө-Коргон айылдык Кеңешинин 2- чакырылышынын кезектеги**
**15-сессиясынын**
**ТОКТОМУ**

**22.01. 2026 № 15-4 Кайрагач-Арык айылы**

**Дөбө-Коргон айыл өкмөтүнүн 2026-жылдын 1-январына карата жергиликтүү бюджетинин кирешесинин калдыгы жөнүндө**

Дөбө-Коргон айыл өкмөтүнүн 2025-жылдын жергиликтүү бюджетинин кирешесинин калдыгы 2026-жылдын 1-январына карата 6990,1 миң (алты миллион тогуз жүз токсон миң бир жүз) сом, атайын эсептен 861700 (сегиз жүз алтымыш бир миң жети жүз ) сом, бюджеттик эсептен калдыгы 6128,4 (алты миллион бир жүз жыйырма сегиз миң төрт жүз) сом калдык калгандыгы жөнүндө айыл өкмөтүнүн ФЭБ башчысы Т.Акуловдун билдирүүсүн угуп, айылдык кеңешинин экономика, бюджет, каржы маселелери боюнча туруктуу комиссиясы тарабынан каралып, депутаттардын сунуш-пикирлерин эске алып, Дөбө-Коргон айылдык кеңеши, **токтом кылат:**

1. Дөбө-Коргон айыл өкмөтүнүн 2026-жылдын 1-январына карата жергиликтүү бюджетинин киреше боюнча калдыгы 6990,1 миң(алты миллион тогуз жүз токсон миң бир жүз) сом акча каражатын пайдалануусу 1- тиркемеге ылайык бекитилсин.

2. Дөбө-Коргон айыл өкмөтүнүн 2026-жылдын 1-январына карата киреше боюнча калдыгын пайдалануусу боюнча Каржы министрлигинин Араван райондук финансы экономика башкармалыгына смета түзүп, тапшыруу жагы айыл өкмөтүнүн ФЭБ башчысы Т.Акуловго жүктөлсүн.

3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңешинин экономика, бюджет, каржы маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жана айыл өкмөтүнө таршырылсын.

**Төрага А.Сатвалдиев**

Дөбө-Коргон айылдык
кеңешинин
2-чакырык 15-
сессиясынын
№ 15-4токтомуна
№ 1- тиркеме

**Дөбө-Коргон айыл өкмөтүнүн 2026-жылдын 1-январына карата (2025-жылдын бюджетинен калган калдык) жергиликтүү бюджеттен калган калдыгыны жумшоо**

| Берененин аталышы | Берене | Сумма | Тушундурмо |
|---|---|---|---|
| | | **Аппарат** | |
| Ар түрдүү чыгым | 2215 | 478,3 | |
| **Жалпысы:** | | **478,3** | |
| | | **ЖКХ** | |
| Ар түрдүү чыгым | 2215 | 300,0 | |
| Учурдагы ремонт | 2221 | 3000,0 | |
| Машина жана жабдуулар | 3112 | 1533,1 | |
| **Жалпысы:** | | **4833,1** | |
| | | **Билим беруу (ортомектеп)** | |
| Ар түрдүү чыгым | 2215 | 293,0 | |
| **Жалпысы:** | | **293,0** | |
| | | **Билим беруу (балдар бакчасы)** | |
| Учурдагы ремонт | 2221 | 524,0 | |
| **Жалпысы:** | | **524,0** | |
| **Бардыгы бюджет:** | | **6128,4** | |
| | | **Билим беруу атайын каражат (балдар бакчасы)** | |
| Тамак аш | 2218 | 861664,4 | |
| **Жалпысы атайын каражат:** | | **861,7** | |
| **Бардыгы бюджет жана атайын каражат:** | | **6990,1** | |

**Төрага** **А.Сатвалдиев**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ОШ ОБЛУСУ
АРАВАН РАЙОНУ

ДӨБӨ-КОРГОН
АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ
АРАВАНСКИЙ РАЙОН

АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
ДОБО-КОРГОНСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Дөбө-Коргон айылдык Кеңешинин 2- чакырылышынын кезектеги 15-сессиясынын**
**ТОКТОМУ**

**22.01. 2026 № 15-5 Кайрагач-Арык айылы**

**Дөбө-Коргон айыл өкмөтүнүн 2026-жылга карата аракеттенүү иш-планынын бекитип берүү боюнча айыл өкмөтүнүн башчысы У.Кадыровдун сунушун кароо жөнүндө.**

Дөбө-Коргон айыл өкмөтүнүн 2026-жылга карата аракеттенүү иш-планынын бекитип берүү боюнча айыл өкмөтүнүн башчысы У.Кадыровдун сунушун депутаттар угуп жана талкуулап, Дөбө-Коргон айылдык кеңеши, **токтом кылат:**

1. Дөбө-Коргон айыл өкмөтүнүн 2026-жылга карата аракеттенүү иш-планы бекитилсин.
2. Дөбө-Коргон айыл өкмөтүнүн 2026-жылга карата аракеттенүү иш-планы боюнча иш алып баруусу милденттендирилсин.
3. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөөлдө жагы айыл өкмөт башчысына жүктөлсүн.

**Төрага А.Сатвалдиев**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ОШ ОБЛУСУ
АРАВАН РАЙОНУ

ДӨБӨ-КОРГОН
АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ
АРАВАНСКИЙ РАЙОН

АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
ДОБО-КОРГОНСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Дөбө-Коргон айылдык Кеңешинин 2- чакырылышынын кезектеги 15-сессиясынын**
**ТОКТОМУ**

**22.01. 2026 № 15-6 Кайрагач-Арык айылы**

**Тепе-Коргон айылындагы Шаршемби базарын ошол айылдагы Маданият үйүнүн имаратынын сыртындагы аянтка көчүрүү боюнча айыл өкмөтүнүн башчысы У.Кадыровдун сунушун кароо жөнүндө**

Тепе-Коргон айылындагы Шаршемби базарын унаалардын жүрүүсүнө тосколдук көрсөткөндүктөн ошол айылдагы Маданият үйүнүн имаратынын сыртындагы аянтка көчүрүү боюнча айыл өкмөтүнүн башчысы У.Кадыровдун сунушун депутаттар угуп жана талкуулап, Дөбө-Коргон айылдык кеңеши, **токтом кылат:**

1. Дөбө-Коргон айыл өкмөтүнө караштуу Тепе-Коргон айылындагы Шаршемби базарын ошол айылдагы Маданият үйүнүн имаратынын сыртындагы аянтка көчүрүлсүн.
2. Шаршемби базарында соодо кылган соодогерлерге шарт түзүү, санитардык талаптарга ылайык кетирүү, базар бүткөндөн кийин тазалоо “Дөбө-Коргон тазалык” муниципалдык ишканасынын башчысы М.Касимовго жүктөлсүн.
3. Шаршемби базарында соодо кылган унааларга карап: портерге-150 (жүз элүү) сом, жеңил унаага -100 (жүз) сом төлөөнүү болуп белгиленсин.
4. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө айылдык кеңешинин экономика, бюджет, каржы маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жана айыл өкмөт башчысы У.Кадыровго жүктөлсүн.

**Төрага А.Сатвалдиев**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**АРАВАН РАЙОНУ**

**ДӨБӨ-КОРГОН**
**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АРАВАНСКИЙ РАЙОН**

**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**ДОБО-КОРГОНСКОГО**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

---

**Дөбө-Коргон айылдык Кеңешинин 2- чакырылышынын кезектеги**
**15-сессиясынын**
**ТОКТОМУ**

**22.01. 2026 № 15-7** **Кайрагач-Арык айылы**

**Уйгур-Абад айылындагы А.Эрматов көчөсүнүн №16/1 дарегинде жайгашкан турак жайдын жер тилкесин бир бөлүгүнүн 322,6 чарчы жайдын жер тилкесин соода сатык дүкөнү үчүн өзгөртүп берүүгө макулдук сурап жазган арызы жөнүндө**

Уйгур-Абад айылындагы А.Эрматов көчөсүнүн №16/1 дарегинде жайгашкан турак жайдын жер тилкесин бир бөлүгүнүн 322,6 чарчы жайдын жер тилкесин соода сатык дүкөнү үчүн өзгөртүп берүүгө макулдук сурап жазган арызы боюнча топтолгон юридикалык документтери каралып чыгып, Кыргыз Республикасынын “Жер кодекси” 12-беренеси жана “Кыргыз Республикасында кыймылсыз мүлк обьекттерин долбоорлоо жана курууга башка өзгөртүү киргизүүгө уруксат документтерди берүүнүн тартиби жана пайдаланууга киргизилүүчү курулуп бүткөн обьекттердин ылайыктуулугун баалоо тартиби жөнүндө жобону бекитүү тууралуу” 6-август 2021-жылдын №114-токтомун жетекчиликке алып, депутаттардын сунуш пикирлерин эске алып, Дөбө-Коргон айылдык кеңеши, **токтом кылат:**

1. Разаков Махаматкодир Эргашбаевич Уйгур-Абад айылынын А.Эрматов көчөсүндөгү №16/1 дарегинде жайгашкан турак жайдын жер тилкесин бир бөлүгүнүн багытын соода сатык дүкөнү үчүн өзгөртүп берүүгө макулдук берилсин.
2. Уйгур-Абад айылынын А.Эрматов көчөсүнүн тургуну Разаков Махаматкодир Эргашбаевич А.Эрматов көчөсүнүн №16/1 дарегинде жайгашкан турак жайдын бир бөлүгүнүн 322,6 чарчы жайдын жер тилкесин соода сатык дүкөнү үчүн өзгөртүп берүүдө Дөбө-Коргон айыл өкмөтүнүн муниципалдык менчикте турган жер участокторуна менчик же ижара укугун берүүнүн тартиби жана шарттарын жөнгө салуу боюнча түзүлгөн комиссиянын кароосунда каралып, айыл өкмөтү тарабынан архитектуралык-пландаштыруу, курулуш, экологиялык, санитардык-гигиеналык, өрткө каршы жана башка атайын талаптарды (ченемдерди, эрежелерди, нормативдерди) сактоо менен, белгиленген тартипте жер участогунун максаттуу багытына каршы келбеген учурда жер тилкесинин багытын өзгөртүрүп берүү жагы сунушталсын.
3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы айылдык кеңештин жер маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жана айыл өкмөтүнө жүктөлсүн.

**Төрага** **А.Сатвалдиев**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ОШ ОБЛУСУ
АРАВАН РАЙОНУ

ДӨБӨ-КОРГОН
АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ
АРАВАНСКИЙ РАЙОН

АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
ДОБО-КОРГОНСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Дөбө-Коргон айылдык Кеңешинин 2- чакырылышынын кезектеги 15-сессиясынын**
**ТОКТОМУ**

**22.01. 2026 № 15-8 Кайрагач-Арык айылы**

**Тепе-Коргон айылындагы борбордук чайкананын мөөнөтү аяктагандыгына байланыштуу кайрадан аукцион өткөрүүгө айыл өкмөтүнүн башчысы У.Кадыровдун сунушун кароо жөнүндө**

Дөбө-Коргон айыл өкмөтүнүн башчысы У.Кадыровдун Тепе-Коргон айылындагы борбордук чайкананын мөөнөтү аяктагандыгына байланыштуу кайрадан аукционго коюу боюнча сунушун депутаттар угуп жана талкуулап Кыргыз Республикасы Өкмөтүнүн 2007-жылдын 22-июнундагы 243-токтому бекитилгендиги жана 2007-жылдын 29-июнунда Кыргыз Республикасы Өкмөтүнүн 1997-III токтом негизинде иштелип чыгылган типтүү жобого ылайык, Дөбө-Коргон айылдык кеңеши, **токтом кылат:**

1.Тепе-Коргон айылындагы борбордук чайкананын мөөнөтү аяктангандыгына байланыштуу кайрадан аукцион өткөрүп ижарачыга мыйзамдаштырып берүү боюнча иш алып барууга макулдук берилсин.
2. Азыркы учурда борбордук чайкананын баштапкы баасы 10000 (он миң)сом болуп белгиленсин.

3.Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагын айылдык кеңештин жер маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жана айыл өкмөтүн жер адисине жүктөлсүн.

**Төрага А.Сатвалдиев**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**АРАВАН РАЙОНУ**

**ДӨБӨ-КОРГОН**
**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АРАВАНСКИЙ РАЙОН**

**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**ДОБО-КОРГОНСКОГО**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

---

**Дөбө-Коргон айылдык Кеңешинин 2- чакырылышынын кезектеги 15-сессиясынын**
**ТОКТОМУ**

**22.01. 2026 № 15-9 Кайрагач-Арык айылы**

**Дөбө-Коргон айылдык кеңешинин 2025-жылдын 10-октябрында № 12-7 токтомуна өзгөртүүлөр киргизүү жөнүндө**

Чертик айылындагы №290 контурдагы 0,50 га жер аянты сугат айдоо болгондуктан токтомго өзгөртүүлөр киргизүү боюнча айыл өкмөт башчысын билдирүүсү менен ошол айылдан №304 контурдагы 0,30 га жер тилкесин ижарага берүүнү сурап жазган сунушун, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 23-сентябрындагы №571 токтомуна жана “Жер кодексинин” 20-беренесине ылайык, депутаттар угуп жана талкуулап, Дөбө-Коргон айылдык кеңеши, **токтом кылат:**

1. Жеке ишкер Мамадалиев Даниярга Чертик айылынан №304 контурундагы пайдаланууга ыңгайсыз жайыт жерлерине 0,30 га жер тилкесин ижарага берүүгө макулдук берилсин.

2.Чертик айылындагы мал ферма куруууга ажыратылган жер тилкесине мыйзам чегинде тиешелүү документтерин даярдоо айыл өкмөттүн жетекчилигине сунушталсын.

3.Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айыл өкмөт башчысы У.Кадыровго жана жер адиси А.Эргашовго жүктөлсүн.

**Төрага** **А.Сатвалдиев**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**АРАВАН РАЙОНУ**

**ДӨБӨ-КОРГОН**
**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АРАВАНСКИЙ РАЙОН**

**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**ДОБО-КОРГОНСКОГО**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

---

**Дөбө-Коргон айылдык Кеңешинин 2- чакырылышынын кезектеги 15-сессиясынын**
**ТОКТОМУ**

**22.01. 2026 № 15-10** **Кайрагач-Арык айылы**

**Тепе-Коргон айылындагы М.Умаров көчөсүнүн №257/1 дарегинде жайгашкан турак жайдын жер тилкесин багытын 131,10 чарчы жайдын жер тилкесин соода сатык дүкөнү үчүн өзгөртүп берүүгө макулдук сурап жазган арызы жөнүндө**

Тепе-Коргон айылындагы М.Умаров көчөсүнүн №257/1 дарегинде жайгашкан турак жайдын жер тилкесин багытын 131,10 чарчы жайдын жер тилкесин соода сатык дүкөнү үчүн өзгөртүп берүүгө макулдук сурап жазган арызы боюнча топтолгон юридикалык документтери каралып чыгып, Кыргыз Республикасынын “Жер кодекси” 12-беренеси жана “Кыргыз Республикасында кыймылсыз мүлк обьекттерин долбоорлоо жана курууга башка өзгөртүү киргизүүгө уруксат документтерди берүүнүн тартиби жана пайдаланууга киргизилүүчү курулуп бүткөн обьекттердин ылайыктуулугун баалоо тартиби жөнүндө жобону бекитүү тууралуу” 6-август 2021-жылдын №114-токтомун жетекчиликке алып, депутаттардын сунуш пикирлерин эске алып, Дөбө-Коргон айылдык кеңеши, **токтом кылат:**

1. Насиржанов Улугбек Илхомжонович Тепе-Коргон айылынын М.Умаров көчөсүндөгү №257/1 дарегинде жайгашкан турак жайдын жер тилкесин багытын соода сатык дүкөнү үчүн өзгөртүп берүүгө макулдук берилсин.

2. Тепе-Коргон айылынын М.Умаров көчөсүнүн тургуну Насиржанов Улугбек Илхомжонович М.Умаров көчөсүнүн №257/1 дарегинде жайгашкан турак жайдын 131,10 чарчы жайдын жер тилкесин багытын соода сатык дүкөнү үчүн өзгөртүп берүүдө Дөбө-Коргон айыл өкмөтүнүн муниципалдык менчикте турган жер участокторуна менчик же ижара укугун берүүнүн тартиби жана шарттарын жөнгө салуу боюнча түзүлгөн комиссиянын кароосунда каралып, айыл өкмөтү тарабынан архитектуралык-пландаштыруу, курулуш, экологиялык, санитардык-гигиеналык, өрткө каршы жана башка атайын талаптарды (ченемдерди, эрежелерди, нормативдерди) сактоо менен, белгиленген тартипте жер участогунун максаттуу багытына каршы келбеген учурда жер тилкесинин багытын өзгөртүрүп берүү жагы сунушталсын.

3.Токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы айылдык кеңештин жер маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жана айыл өкмөтүнө жүктөлсүн.

**Төрага** **А.Сатвалдиев**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ОШ ОБЛУСУ
АРАВАН РАЙОНУ

ДӨБӨ-КОРГОН
АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ
АРАВАНСКИЙ РАЙОН

АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
ДОБО-КОРГОНСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Дөбө-Коргон айылдык Кеңешинин 2- чакырылышынын кезектеги 15-сессиясынын**
**ТОКТОМУ**

**22.01. 2026 № 15-11 Кайрагач-Арык айылы**

**Дөбө-Коргон айыл аймагындагы калкты таза ичимдик суусуна болгон муктаждыктарын чечүү жөнүндө**

Дөбө-Коргон айыл өкмөтү аймагындагы инфраструктурасын жакшыртууда, калкты таза ичимдик суусу менен камсыздоодо аткарылуучу иштерге жергиликтүү бюджетинин каражаттары жетишсиз болгондуктан айыл өкмөт 2027-жылга Тепе-Коргон айылы, Жаңы-Жол айылы, Беш-Кабырга жана Лохочы участкаларын таза суу менен камсыз кылуу үчүн проекттерин 2026-жылдын ноябрь айына даярдап өнүктүрүү фонддорго тапшырылуусун угуп жана талкуулап, сөзгө чыккан депутаттардын ой пикирлерин, суроо талаптарын эске алуу менен Дөбө-Коргон айылдык кенеши, **токтом кылат:**

1.2027-жылга Тепе-Коргон айылы, Жаңы-Жол айылы, Беш-Кабырга жана Лохочы участкаларын калктын таза сууга болгон муктаждыктарын чечүү үчүн проекттерин 2026-жылдын ноябрь айына чейин даярдоо жана проект жасатканы жергиликтүү бюджетинен 800 000 (сегиз жүз миң )сом акча каражаты берилсин.

2.Калкты таза ичимдик суусу менен камсыздоодо атайын таза ичимдик суу багытында иш алып барып жаткан фонддор аркылуу долбоорлор жаздыруу айыл өкмөтүнө сунушталсын.

3.Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө айылдык кеңешинин экономика, бюджет каржы маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жана айыл өкмөтүнүн башчысы У.Кадыровго жүктөлсүн.

**Төрага А.Сатвалдиев**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ОШ ОБЛУСУ
АРАВАН РАЙОНУ

ДӨБӨ-КОРГОН
АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ
АРАВАНСКИЙ РАЙОН

АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
ДОБО-КОРГОНСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

**Дөбө-Коргон айылдык Кеңешинин 2- чакырылышынын кезектеги 15-сессиясынын**
**ТОКТОМУ**

**22.01. 2026 № 15-12 Кайрагач-Арык айылы**

**Дөбө-Коргон айыл аймагындагы 2026-жылга карата проекттер жөнүндө**

Дөбө-Коргон айыл өкмөтүнүн аймагындагы калктын дең-соолугу мамлекеттин байлыгы катары коомдук маанилүүлүгүн эске алып жана келечек муундардын билимдүү, эркин өсүп өнүгүүсүнө салым кошуу максатында 2026-жылга карата Тепе-Коргон айылындагы №4 борбордук ооруканага, Жаңы-Абад айылындагы ФАПка жана “Көз мончок” МЧБУга жасалуучу проекттер жөнүндө маалымат угуп жана талкуулап, сөзгө чыккан депутаттардын ой пикирлерин, суроо талаптарын эске алуу менен Дөбө-Коргон айылдык кенеши **токтом кылат:**

1.Тепе-Коргон айылындагы №4 борбордук ооруканага проект жасатканы жергиликтүү бюджетинен 200 000 (эки жүз миң )сом акча каражаты берилсин.
2. Жаңы-Абад айылындагы ФАПка проект жасатканы жергиликтүү бюджетинен 300 000 (үч жүз миң )сом акча каражаты берилсин.
3.Кайрагач-Арык айылындагы “Көз мончок” МЧБУга проект жасатканы жергиликтүү бюджетинен 600 000 (алты жүз миң )сом акча каражаты берилсин.
4.Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө айылдык кеңешинин экономика,бюджет, каржы маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жана айыл өкмөтүнүн башчысы У.Кадыровго жүктөлсүн.

**Төрага А.Сатвалдиев**

| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ОШ ОБЛУСУ<br>АРАВАН РАЙОНУ<br><br>ДӨБӨ-КОРГОН<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>АРАВАНСКИЙ РАЙОН<br><br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>ДОБО-КОРГОНСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

**Дөбө-Коргон айылдык Кеңешинин 2- чакырылышынын кезектеги 15-сессиясынын**
**ТОКТОМУ**

**22.01. 2026 № 15-13 Кайрагач-Арык айылы**

**Дөбө-Коргон айыл өкмөтүнө мал-жандыктардын өлүктөрүн өрттөөчү (крематорий) сатып алуу жөнүндө**

Күн тартибиндеги ар түрдүү маселелерде каралган Дөбө-Корон айыл өкмөтүнө мал-жандыктардын өлүктөрүн өрттөөчү (крематорий) боюнча маселе айылдык кеңештин депутаттары тарабынан талкуулап, Дөбө-Коргон айылдык кеңеши, **токтом кылат:**

1. Дөбө-Коргон айыл өкмөтүнө мал-жандыктардын өлүктөрүн өрттөө (крематорий) үчүн керектелүүчү каражат Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин алдындагы Ош облусунун өнүктүрүү (үлүштүк) фонду боюнча комиссиясынан суралсын.
2. Дөбө-Коргон айыл өкмөтүнө мал-жандыктардын өлүктөрүн өрттөө (крематорий) үчүн Ош облусунун өнүктүрүү (үлүштүк) фондунун алкагында айыл өкмөтүнүн 2026-жылдагы жергиликтүү бюджетинин эсебинен 300 000 (үч жүз миң) сом акча каражаты айыл өкмөтүнүн салымы катары макулдук берилсин.
3.Жогорудагы долбоорду ишке ашырууга мыйзам чегинде айыл өкмөтүнүн ФЭБ башчысына милденттендирилсин.
4.Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңештин бюджет жана каржы маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага А.Сатвалдиев**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ОШ ОБЛУСУ**
**АРАВАН РАЙОНУ**

**ДӨБӨ-КОРГОН**
**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**АРАВАНСКИЙ РАЙОН**

**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**ДОБО-КОРГОНСКОГО**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

---

**Дөбө-Коргон айылдык Кеңешинин 2- чакырылышынын кезектеги**
**15-сессиясынын**
**ТОКТОМУ**

**22.01. 2026 № 15-14** **Кайрагач-Арык айылы**

**Дөбө-Коргон айыл өкмөтүнө караштуу Кайрагач-Арык айылынын Махамматов 1, Махамматов 2 көчөсүнүн 1080 метр аралыктагы жолду капиталдык оңдоп түздөөдөн өткөрүү жөнүндө**

Күн тартибиндеги ар түрдүү маселелерде каралган Дөбө-Корон айыл өкмөтүнүн Кайрагач-Арык айылындагы Махамматов 1, Махамматов 2 көчөсүнүн 1080 метр аралыкта капиталдык оңдоп түзөөдөн өткөрүү боюнча маселе айылдык кеңештин депутаттары тарабынан талкуулап, Дөбө-Коргон айылдык кеңеши **токтом кылат:**

**1.** Дөбө-Коргон айыл өкмөтүнө караштуу Кайрагач-Арык айылындагы Махамматов 1, Махамматов 2 көчөсүнүн 1080 метр аралыкта капиталдык оңдоп түздөө үчүн керектелүүчү каражат Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин алдындагы Ош облусунун өнүктүрүү (үлүштүк) гранттар боюнча комиссиясынан суралсын.

**2**. Дөбө-Коргон айыл өкмөтүнө караштуу Кайрагач-Арык айылындагы Махамматов 1, Махамматов 2 көчөсүнүн капиталдык оңдоп түздөөгө Ош облусунун өнүктүрүү фондунун алкагында айыл өкмөтүнүн 2026-жылдагы жергиликтүү бюджетинин эсебинен 2 000 000 (эки миллион) сом акча каражаты айыл өкмөтүнүн салымы катары макулдук берилсин.

**3**.Жогорудагы долбоорду ишке ашырууга мыйзам чегинде айыл өкмөтүнүн ФЭБ башчысына милденттендирилсин.

**4**.Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы айылдык кеңештин бюджет жана каржы маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **А.Сатвалдиев**